**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ**
**БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М. РЫСКУЛБЕКОВ атындагы**
**КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК КУРУЛУШ,**
**ТРАНСПОРТ ЖАНА АРХИТЕКТУРА УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 08.22.646 - диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК:331.556+314.748(575.2)

**Джакыпова Мээрим Алмазбековна**

# Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясынын социалдык-демографиялык аспектилери

08.00.05 - Экономика жана эл чарбасын башкаруу
(калктын экономикасы жана демографиясы)

экономика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**Автореферат**

Бишкек – 2022

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын экономика жана менеджмент кафедрасында жүргүзүлгөн.

**Илимий жетекчи:** **Саякбаева Айганыш Апышевна**, экономика илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин финансы кафедрасынын башчысы

**Расмий оппоненттер:** **Атышов Кобогон,** экономика илимдеринин доктору, М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин профессору

**Конокбаева Дамира Кыясовна,** экономика илимдеринин кандидаты, доцент, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин колледжинин директору

**Жетектөөчү уюм:** И. Раззакова атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин менеджмент кафедрасы, дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Мира проспектиси, 66

Диссертациялык ишти коргоо 2022-жылдын 23- сентябрында саат 13.00дө М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин жана Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин алдында экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 08.22.646 диссертациялык кеңешинин отурумунда өтөт.

Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,Тоголок Молдо көчөсү-58.

Диссертациялык иш менен М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин жана Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин китепканаларынан таанышууга болот.

Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,Тоголок Молдо көчөсү-58; 720020, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш. А.Малдыбаев көч, 34б.

Автореферат 2022-жылдын 28-июнунда таркатылды

диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, э.и.к.,
доцент Кадыралиев А.Т.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Советтер Союзунун кыйрашы жана социалдык-экономикалык башаламандыктын шарттарында КМШ өлкөлөрүнүн, анын ичинде Кыргызстандын (мындан ары - КР) дүйнөлүк рыноктук экономикага интеграцияланышы экономиканын талкаланышын, өлкөнүн бүткүл калкынын дээрлик жакырданышын, калктын жогорку деңгээлдеги миграциясын шарттаган. Рыноктук мамилелерге өтүү эмгек мамилелерин өзгөртүүнү жана өзгөчө адам ресурстарын пайдалануу чөйрөсүндө социалдык-демографиялык кырдаалды башкаруунун эң натыйжалуу механизмдерин түзүүнү талап кылат. Анткени бардык өнөр жай ишканалары, уюмдар, колхоздор жана совхоздор талкалангандыктан, калкты иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрү курчуп кеткен жана анын натыйжасында жумуш издеген калктын тышкы жана ички миграциясы күчөгөн.

Жапырт жакырчылык жана калктын, өзгөчө социалдык жактан аярлуу катмарынын социалдык жактан корголбогондугу өлкөдөгү экономикалык реалдуулукту эске алуу менен, ошондой эле миграцияны оптималдаштыруу максатында калкты социалдык жактан колдоо боюнча жаңы ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууну жана мурункуларды кайра өзгөртүп түзүүнү талап кылды.

Кыргыз Республикасынын калкынын жогорку жана көзөмөлдөнбөгөн миграциясы демографиялык жана социалдык тобокелдик болуп саналат, ал кийинчерээк өлкөнүн экономикалык жана улуттук коопсуздугуна да таасирин тийгизет. Кайсы бир өлкөдө миграцияга байланыштуу белгилүү бир көйгөйлөр болгонуна карабастан, ал эмгек миграциясы экинчи өлкөгө жеңилдиктерди берет.

Кыргыз Республикасындагы демографиялык кырдаалдын өзгөрүүсүн талдоо миграция контекстинде калктын мобилдүүлүгүнүн сандык, сапаттык көрсөткүчтөрү, ошондой эле калктын кыймылынын формалары, векторлору жана интенсивдүүлүгү өскөндүгүн көрсөттү. Белгилей кетсек, миграциянын социалдык механизмдери өнүгүп жатат. Мисалы, 20-кылымда адамдардын бир өлкөдөн экинчи өлкөгө миграциясы негизинен жакшы жашоо шарттарын издөө жана жеке мотивация менен байланыштуу болгон, жүз миңдеген мигранттарды түзгөн, ал эми 21-кылымдын башында миграциялык мобилдүүлүк Африка өлкөлөрүнөн келген качкындардын жана КМШ өлкөлөрүнүн, анын ичинде Кыргызстандын эмгек, саясий, этникалык, экологиялык жана башка ресурстарынын миллиондогон кыймылы болуп калды.

Миграция темасы чет элдик авторлордун кеңири чөйрөсүнүн, мисалы М.Тодаро (1980), В.Томас жана Ф.Знанецкий (1958) ж.б. изилдөө предмети болуп саналат. Постсоветтик мезгилде бул темага Рыбаковский Л.Л. (2003), Кулешов Д.Н. (2007), Щербакова Е.М. (2017) жана башка орус окумуштууларынын эмгектери арналган. Ата мекендик окумуштуулардын ичинен миграциянын өнүгүшүн Саякбаева А.А. (2016), Азимова Г.Р. (2019), Самигуллин Е.В. (2019) жана башка экономисттер изилдеген.

Бул жагынан алганда, изилдөө темасынын актуалдуулугу шексиз.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, негизги илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы**. Диссертациялык изилдөөнүн темасы 2018-2022-жылдарга Кыргыз Республикасын «Биримдик, ишеним, түзүү» өнүктүрүү программасын, 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын, Кыргыз Республикасынын 2021-2030-жылдарга миграциялык саясатын, Кыргыз Республикасынын аймактык саясатынын 2018-2022-жылдарга Концепциясын, 2035-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүнүн инновациялык модернизациялоо концепциясын жана ПРООНдун «Кыргыз Республикасы үчүн комплекстүү узак мөөнөттүү миграциялык саясатты иштеп чыгуу» долбоорун ишке ашырууга байланыштуу.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты - калктын миграциясын башкаруунун концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу үчүн Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясынын социалдык-демографиялык аспектилерин изилдөө.

Диссертацияда коюлган максат изилдөөнүн логикасына жана түзүмүнө ылайык келген төмөнкү милдеттерди чечүүнү талап кылат:

1. калктын миграциясынын теориялык-методологиялык жана ченемдик-укуктук аспектилерин изилдөө;

2. чет мамлекеттердин калкынын миграциясына жана аларды жөнгө салуу практикасына салыштырмалуу талдоо жүргүзүү;

3. Кыргыз Республикасындагы миграциянын өнүгүшүнө негизги социалдык-экономикалык факторлордун тийгизген таасиринин деңгээлине көп варианттуу корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүү;

4. социалдык-экономикалык жана демографиялык коопсуздуктун стрессору катары миграциялык кырдаалды талдоо;

5. калктын этникалык жана гендердик, жаш-курактык миграциясына баа берүү;

6. 2030-жылга чейинки мезгилге калктын миграциясынын болжолун эсептөө.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

- «миграция» аныктамасын тактоо жана анын социалдык-экономикалык категория катары маңызын аныктоо үчүн калктын миграциялык мобилдүүлүгүнүн ченемдик-укуктук, методологиялык жана теориялык негиздери жалпыланды, «миграция» категориясына автордук аныктама берилди;

- айрым чет мамлекеттердин калкынын миграциясына салыштырма талдоо жүргүзүүнүн негизинде алардын улуттук жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын эмгек ресурстарынын миграциялык мобилдүүлүгүн жөнгө салуунун адаптациялык мүмкүнчүлүктөрү аныкталды;

- макроэкономикалык көрсөткүчтөргө, атап айтканда, жан башына ИДПга, үй чарбаларынын жан башына эсептелген орточо кирешесине, катталган жумушсуздардын, жакыр адамдардын жана жаңыдан түзүлгөн жумушчу орундардын санына көп варианттуу корреляциянын жана регрессиялык талдоо

жүргүзүүнүн негизинде алардын Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясына тийгизген таасиринин деңгээли аныкталды;

- ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин, анын ичинде Армения, Беларусь, Кыргызстан, Казакстан жана Россиянын макроэкономикалык көрсөткүчтөрүн салыштырма талдоонун негизинде Кыргыз Республикасынын эмгек мигранттарынын негизги реципиент-өлкөлөрү аныкталды. Мындан тышкары, социалдык-экономикалык жана демографиялык коопсуздуктун стрессору катары Кыргыз Республикасындагы миграциялык кырдаалдын негизги тренддери аныкталды.

- миграциянын этникалык жана гендердик-жаш курактык түзүмүн, анын ичинде калктын тышкы, ички жана аймактар аралык миграциясын баалоонун негизинде Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна таасирин тийгизген мигранттардын феминизациясы демографиялык тобокелдик катары аныкталды;

- жалпысынан Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясын, анын ичинде анын гендердик жагын, ошондой эле 2030-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасынан миграциялык өсүүнү/чыгып кетүүнү автордук болжолдоонун негизинде, Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясын башкаруу боюнча айрым сунуштар иштелип чыкты.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык мааниси -** изилдөөнүн жоболорун жана корутундуларын калктын миграциясын жөнгө салуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун практикасында колдонуу мүмкүнчүлүгү бар. Негизги корутундулар, сунуштар жана илимий-практикалык нускамалар калктын миграциясын жөнгө салуу боюнча стратегияларды, программаларды жана пландарды иштеп чыгууда, ишке ашырууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда «Экономика» багыты боюнча бакалаврларды жана магистрлерди даярдоо окуу процессинде «Макроэкономика», «Статистика», «Демография» дисциплиналарын окутууда пайдаланууга болот.

**Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси.** Калктын миграциясынын социалдык-демографиялык аспектилерин талдоого негизделген теориялык-методологиялык жоболор, корутундулар жана практикалык сунуштар министрликтер жана ведомстволор тарабынан өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн концепцияларын жана стратегияларын иштеп чыгууда, ошондой эле жана Кыргыз Республикасындагы калктын миграциясын жөнгө салуу боюнча стратегиялык башкаруу чечимдерин болжолдоодо жана кабыл алууда колдонулушу ыктымал.

Аймактарда миграциялык агымдарды жөнгө салуу тутумун өркүндөтүү боюнча диссертациялык иште сунушталган стратегиялык артыкчылыктар жана багыттар республикада жана анын аймактарында миграциялык процесстерди мамлекеттик жана аймактык деңгээлде башкарууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын миграциялык саясатынын концепциясын иштеп чыгууда пайдаланылышы мүмкүн.

Иштелип чыккан практикалык сунуштар миграциялык агымдарды жөнгө салууну жакшыртуу үчүн негиз боло алат, бул миграциялык кызматтын ишинин сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

**Диссертациянын коргоого чыгарылган негизги жоболору:**

- калктын миграциясынын теориялык-методологиялык жана ченемдик укуктук маселелери каралды, миграциянын экономикалык категория катары маңызы, «калктын миграциясы» түшүнүгүнө автордун аныктамасы берилди;

- акыркы жылдарда мигранттардын санынын тынымсыз өсүшү менен түзүлгөн кырдаалды чагылдырган чет мамлекеттердин калкынын миграциясына жана аларды жөнгө салуу практикасына салыштырма талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында укук колдонулуучу иш-аракеттер зарыл болгон оң натыйжаны бере электигин белгилеп кетүүгө болот. Мамлекеттер, эреже катары, тигил же бул өлкөнүн мыйзамдарын бузуу менен өлкөнүн аймагына мыйзамсыз кирген же өлкөдө мыйзамсыз жашап жаткан мигранттарга карата социалдык интеграция көйгөйлөрүн кароого даяр эмес. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө мигранттардын абалы региондордо жана айрым мамлекеттерде миграциянын учурдагы абалына ар түрдүү пикирлердин жана баа берүүнүн күчөшүнөн улам татаалдашууда;

- көп факторду камтыган корреляциялык жана регрессиялык талдоолордун натыйжалары Кыргыз Республикасындагы миграциянын өнүгүшүнө негизги социалдык-экономикалык факторлордун тийгизген таасиринин деңгээлин аныктады;

- социалдык-экономикалык жана демографиялык коопсуздуктун стрессору катары миграциялык кырдаалды талдоонун натыйжалары анын негизги тренддерин аныктады;

- калктын демографиялык кырдаалга түздөн-түз таасирин тийгизген этникалык, гендердик жана жаш курактык түзүмүн аныктаган, калктын этникалык жана гендердик жана жашкурактык миграциясына баа берүүнүн натыйжалары эмгек миграциясын Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугунун ажырагыс бөлүгү катары аныктады;

- 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынан калктын миграциясынын өсүшүнүн болжолу берилди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөнүн натыйжалары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында сыноодон өткөрүлгөн. 2030-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясынын жана Кыргыз Республикасынан калктын миграциялык өсүшүн/өлкөдөн чыгып кетүү агымын болжолунун негизинде калктын миграциясын оптималдаштырууга багытталган практикалык сунуштар Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигинин иш-чараларында чагылдырылган.

**Диссертациянын жыйынтыгын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана корутундулары: «Заманбап натыйжалуу изилдөөлөр» - Евразия илимий бирикмесинин 56-эл аралык илимий конференциясында (Москва, ш. 2019-жылдын октябрь айы), Т.К.Камчыбековдун

70 жылдыгына арналган «Аймактарды өнүктүрүүнүн вектору: реалдуулук жана келечеги» (Бишкек, М. Рыскулбеков атындагы КЭУ, 17.05.2019-ж.), «Евразия экономикалык биримдигиндеги жаштар: эмгек мобилдүүлүгү жана гуманитардык кызматташтык» (Бишкек, Б.Ельцин атындагы КРСУ, 11-12-июнь, 2019-ж.), «Заманбап дүйнөдөгү илимдин интеграциясы" – Евразия илимий бирикмесинин 76-эл аралык илимий конференциясы (Москва, 2021-жыл, июнь), А.З.Ермекбаевдин 80-жылдыгына арналган "Борбордук Азиянын экономикаларын санариптештирүү жана трансформациялоо: эсепке алуу-аналитикалык статистикалык укуктук аспектилери" (Бишкек, Б.Ельцин атындагы КРСУ, 2020), "ИК Форум БАТСА 10-Исраилдик окуулар" Эл аралык коомдук уюмунун 10 жылдыгына арналган «Евразиялык экономикалык интеграция, көйгөйлөр жана өнүгүү келечеги: санариптештирүү, башкаруучулук-маалыматтык; каржылык, мониторинг, салык; бухгалтердик эсеп жана аналитикалык, аудитордук көзөмөл " (Түркия, Аланья, Ж.Баласагын атындагы КУУ, Б.Ельцин атындагы КРСУ, 2021) ж.б. аталыштагы кереге кеңештерде, семинарларда, ошондой эле эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндалган жана талкууланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору 12 илимий макалада жарык көргөн, анын ичинен 7 макала КРнын Президентине караштуу УАК тарабынан сунушталган басылмаларда, 11 макала илимий цитирлөө маалыматтар базасында индекстелген басылмаларда, анын ичинде Москва, Махачкала (РФ) Алания (Түркия), Астана (РК), Бишкек (КР) ж.б. шаарларда жарыяланган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү**. Диссертациялык иш кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын жана колдонмолордун тизмесинен турат. Диссертация 174 бетти түзөт, 9 таблица, 46 сүрөттү камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүү бөлүмүндө диссертациянын темасынын актуалдуулугу негизделген, изилдөөнүн максаттары жана милдеттери аныкталган, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы көрсөтүлгөн, алынган натыйжалардын практикалык жана экономикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы баяндалган, диссертациянын коргоого берилген негизги жоболору тизмеленип жана диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо белгиленген.

**"Калктын миграциясынын теориялык, методологиялык жана ченемдик укуктук негиздери" деген биринчи бөлүмдө** калктын миграциясынын экономикалык аспектилери изилденип, калктын миграциясын изилдөөнүн ченемдик-методологиялык негиздери каралган, чет мамлекеттердеги калктын миграциясына салыштырмалуу талдоо жүргүзүлгөн жана аларды жөнгө салуунун практикасы изилденген.

Калктын миграциясы жалпы калктын жайгашуу процесстерин аныктоочу демографиялык өнүгүүнүн негизги компоненттеринин бири болуп саналат.

«Миграция (калктын, эмгек ресурстарынын) (лат. migratio) негизинен адамдардын, жумушчулардын жашаган жана иштеген жеринин өзгөрүшүнө байланышкан кыймылы...» [Кулешов Д. Н. Калктын миграциясын изилдөөнүн теориялык жана методологиялык аспектилери. [ Текст] / Д.Н.Кулешов. - 2007].

Эл аралык миграция боюнча Глобалдык комиссиянын маалыматы боюнча, азыр дүйнөдө 250 миллиондон ашуун мигрант бар, анын 10 миллионго жакыны качкындар болуп саналат. Калктын миграциясы дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүнүн социалдык, экономикалык жана демографиялык өнүгүүсүндө гана эбегейсиз роль ойнобостон, ошондой эле бүткүл дүйнөлүк экономиканын иштешининин маанилүү факторлорунун бири, эл аралык жөнгө салуунун объектиси катары да таасири бар.

Я.Щепанский, П.Штомпка миграциялык процесстерди социалдык реалдуулуктун атрибуту, социалдык-функционалдык жана социалдык-структуралык мүнөздөгү өзгөрүүлөргө алып келүүчү социалдык өз ара аракеттенүү актыларынын бир тектүү сериясы катары карашат.

Проф. Л.Л.Рыбаковский калктын миграциясын калктын келиши жана кетиши деген эки ар түрдүү багыттуу агымдан турган татаал процесс жана өз ара байланышкан үч этапты камтыйт деп эсептейт [Рыбаковский Л.Л.Калктын миграциясы: божомолдор, факторлор, саясаттар [Текст] / Л.Л.Рыбаковский. - 1987].

Бир катар аныктамаларды салыштыруунун негизинде миграцияны адамдардын бир аймактан экинчи аймакка ар кандай себептерден улам кыска мөөнөткө же туруктуу жашоо үчүн көчүп келүүсү катары чечмелесе болот.

Бирок, миграция көйгөйлөрү саясий мүнөзгө ээ, анткени алар калктын олуттуу бөлүгүнүн улуттук чек араларды кесип өтүшү, иммиграциялык өлкөдө туруксуз миграциялык жүрүм-туруму бар ири жамааттардын түзүлүшү менен байланышкан, натыйжада бул өлкөнүн ичинде социалдык чыңалуунун көбөйүшүнө шарт түзөт.

Жогоруда баяндалгандар миграция социалдык-экономикалык жана демографиялык тобокелдиктерди пайда кылган көп кырдуу жана татаал коомдук процесс экендигин, акыры өлкөнүн улуттук коопсуздугуна таасирин тийгизерин көрсөтүп турат.

**“Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясынын социалдык-демографиялык аспектилерин аныктоо” деп аталган** экинчи бөлүмдө калктын миграциясынын социалдык-демографиялык факторлоруна, ошондой эле миграциялык кырдаалга социалдык-экономикалык жана демографиялык коопсуздуктун стрессору катары корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүлгөн, калктын этникалык, гендердик, жаш курактык миграциясына баа берилген.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** Кыргыз Республикасындагы калктын миграциялык процесстери жана механизмдери болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети** Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясынын социалдык-демографиялык аспектилери болуп эсептелет.

**Изилдөө методдору жана материалдары.** Иште жалпы илимий статистикалык изилдөө методдору: абстракттуу-логикалык, салыштырма,

структуралык-функционалдык ыкмалар, графикалык методдор, корреляциялык-регрессиялык метод, статистикалык болжолдоо методдору, экономикалык жана статистикалык талдоо жана топтоо ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн материалдары катары атайын экономикалык жана статистикалык адабияттар, КР УСКнын материалдары, миграцияны изилдөө жана жөнгө салуу процессине катышкан башка уюмдардын электрондук ресурстары жана маалымат базалары пайдаланылды.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын калкынын саны 2017-жылдагы 6 140 200 адамга салыштырганда 6 636 803 адамга же 8,1%га көбөйдү.




| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Эркектер | 2 703 | 2 741 | 2 798 | 2 856 | 2 916 | 2 980 | 3 042 | 3 101 | 3 169 | 3 237 | 3 294 |
| Аялдар | 2 773 | 2 810 | 2 864 | 2 920 | 2 978 | 3 038 | 3 097 | 3 154 | 3 219 | 3 285 | 3 342 |
| Бардык калк | 5 477 | 5 551 | 5 663 | 5 776 | 5 895 | 6 019 | 6 140 | 6 256 | 6 389 | 6 523 | 6 636 |

2.1-сүрөт. Кыргыз Республикасынын туруктуу калкынын жынысы боюнча динамикасы, адамдын саны

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс]: http://www.stat.kg/ - Туруктуу калктын саны (жынысы жана жаш курагы боюнча). Кирүү режими: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/206/ . - экрандан.

2021-жылы эркектердин саны 3294134 адамды, аялдардын саны 3342669 адамды түзгөн (2.1-сүрөт). 2011-2020-жылдары иммиграннтардын саны 6,6 эсеге азайып, 2011-жылдагы 45 740 кишиге караганда 2020-жылы 961 адамды түзгөн.




2.2-сүрөт. Кыргыз Республикасынын иммиграннттарынын жана эмиграннттарынын санынын динамикасы, адам

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс]: http://www.stat.kg/ - Кирүү режими: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/4/ . - экрандан.

2020-жылы эмиграннттардын саны 2011-жылдагы 6337 адамга караганда 7,9 эсеге кыскарып 5822 адамды түзгөн (2.2-сүрөт). Ошол эле учурда 2020-жылы эмиграннттардын саны иммиграннттардан 6 эсе көп болгон.

Кыргызстандан КМШдан тышкаркы өлкөлөргө кеткендердин саны 2011-жылдагы 235 адамга салыштырмалуу 36,4%га же 62 адамга азайып, 2020-жылы 173 адамды түздү (2.3-сүрөт).




2.3-сүрөт. Кыргыз Республикасынан чыгып кеткендердин санынын динамикасы, адам

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс]: http://www.stat.kg/ - Өлкөдөн чыгып кеткендердин жалпы саны Кирүү режими: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/4522/ . - экрандан.

2020-жылы Кыргызстандан Россияга жана Казакстанга кеткендердин саны бардык кеткендердин 93,7%ын түздү, муну менен бирге Россиядан чыгып кеткендер 65,1%, Казакстандан чыгып кеткендер 28,6% түзгөн (2.4-сүрөт).




2.4-сүрөт. Кыргыз Республикасынан Россияга жана Казакстанга чыгып кеткендердин санынын динамикасы, адам

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс]: http://www.stat.kg/ - Өлкөдөн чыгып кеткендердин жалпы саны Кирүү режими: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/4522/ . - экрандан.

2011-2020-жылдарга карата мигранттар баруучу өлкөлөр боюнча тышкы миграцияны талдап көрсөк, КМШ өлкөлөрүнөн Кыргызстанга келгендердин саны 2011-жылдагы 6244 адамга салыштырмалуу 2020-жылы 6,6 эсеге кыскарып, 940 адамды түздү.

КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн Кыргызстанга келгендердин саны 2011-жылдагы 93 адамга салыштырмалуу 4,4 эсеге же 72 адамга азайып, 2020-жылы 21 адамды түздү (2.5-сүрөт).




2.5-сүрөт. Кыргыз Республикасына келгендердин санынын динамикасы, адам

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс]: http://www.stat.kg/ - Өлкөгө келгендердин жалпы саны Кирүү режими: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/4521/ . - экрандан.

2011-2020-жылдары Кыргыз Республикасынан КМШ өлкөлөрүнө миграциялык агымга талдоо жүргүзүү анын дээрлик 8,3 эсеге кыскаргандыгын көрсөттү же 2011-жылдагы 39 261 адамга салыштырмалуу 2020-жылы 4709 адамды түздү.

2011-2020-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынан КМШдан тышкаркы өлкөлөргө миграциянын агымын талдоо көрсөткөндөй, 2011-жылдагы 142 адамга салыштырмалуу 2020-жылы 10 адамга көбөйүп, 152 адамды түзгөн (2.6-сүрөт). 2013-2015-жылдар аралыгында республикага мигранттардын агымы байкалган.




2.6-сүрөт. Кыргыз Республикасынын калкынын КМШ өлкөлөрүнө/же андан тышкаркы өлкөлөргө миграциялык келүү/чыгып кетүү агымынын өзгөрүү динамикасы, адамдар

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс]: http://www.stat.kg/ - Миграциянын көбөйүшү/сыртка чыгуу Кирүү режими: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/4523/ . - экрандан.

2020-жылы миграциянын эң көп агымы Бишкек шаарынан (1248 адам), Чүй облусунан (1198 адам) жана Ош облусунан (1140 адам) байкалган.

Миграция калктын мейкиндиктеги кыймылы катары калктын жайгашуу географиясын өзгөртөт, тигил же бул өлкөнүн калкынын санын жана түзүмүн өзгөртөт. Ошентип, тышкы мигранттардын негизги үлүшү эмгекке жарамдуу эң жигердүү курактагы калкка (78%), же эмигранттардын 50%га жакыны – 35 жашка чейинки калктын тобуна туура келет.




2.7-сүрөт. 2011-2020-жылдарга ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде калктын жакырчылык деңгээлинин өзгөрүү динамикасы, %

Булак: ЭАКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү http://www.eurasiancommission.org/ - Жашоо деңгээли. Кирүү режими http://www.eurasiancommission.org/ru/act/integr . - экрандан.

Кыргызстандагы эл аралык мигранттардын саны менен калктын катышы Казакстанга салыштырмалуу 5%дан азыраак, бул көрсөткүч Казакстанда 20% жана Россия 7% түзөт, бул эмгек мигранттарынын экономикасы азыраак өнүккөн КМШ өлкөлөрүнөн экономикасы өнүккөн КМШ өлкөлөрүнө агымынын тенденциясын тастыктайт.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттердеги жакырчылык деңгээлин салыштыруу жыйынтыгын алсак, Кыргызстанда бул көрсөткүч Беларусия менен Казакстанга караганда 5 эсеге жана Орусияга караганда 2 эсеге жогору, Армения менен салыштырмалуу бирдей. (2.7-сүрөт). 1996-жылы Кыргызстанда жакырчылык деңгээли 43,4%ды түзгөн, 1999-жылы бул көрсөткүч 55,2%ке, 2000-жылы 62,6%га чейин өскөн. Мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан айрым чаралардын, ошондой эле эмгек мигранттарынын трансферттери 2019-жылы жакырчылык деңгээлин 20,1%га кыскартууга мүмкүндүк берди, бирок COVID-19 пандемиясынан улам жакырчылык деңгээли өсүүдө.

2011-2020-жылдары Кыргыз Республикасынын калкынын жан башына орточо акчалай кирешесин талдоо көрсөткөндөй, алар дээрлик эки эсеге көбөйүп, 2011-жылдагы 2936,37 сомго салыштырмалуу 2020-жылы айына 5625,35 сомду (66,2 АКШ долларын) түзгөн. Бирок, COVID-19 пандемиясынын бардык экономикалык процесстерге тийгизген таасиринен улам калктын жан башына орточо акчалай кирешеси 2019-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 2020-жылы айына 59,34 сомго азайган.




2.8-сүрөт. ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин калкынын акчалай кирешелеринин өзгөрүү динамикасы, АКШ доллары менен

Булак: ЭАКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү http://www.eurasiancommission.org/ - Жашоо деңгээли. Кирүү режими http://www.eurasiancommission.org/ru/act/integr . - экрандан.

Кыргыз Республикасында калктын жан башына орточо акчалай кирешеси жана орточо айлык номиналдык эмгек акы ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин ичинен эң төмөн экендиги көрүнүп турат (2.8, 2.9-сүрөт), бул албетте Кыргыз Республикасынын калкынын миграциялык кыймылына таасирин тийгизет.




2.9-сүрөт. ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде орточо айлык номиналдык эмгек акынын өзгөрүү динамикасы, АКШ доллары менен

Булак: ЭАКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү http://www.eurasiancommission.org/ - Жашоо деңгээли. Кирүү режими http://www.eurasiancommission.org/ru/act/integr . - экрандан.

2011-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынан тышкы эмиграцияга бир катар социалдык-экономикалык факторлордун тийгизген таасиринин деңгээлин аныктоо үчүн көп варианттуу корреляциялык жана регрессиялык талдоо жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын тышкы эмиграциясын аныктоочу натыйжалуу көрсөткүч болуп өлкөдөн чыгып кеткендердин саны эсептелет.

Фактордук белги катары төмөнкү көрсөткүчтөр кабыл алынган: X1 — калктын жан башына ички дүң продукция (миң сом); X2 — үй чарбаларынын жан башына эсептелген орточо кирешеси (айына сом); X3 - катталган жумушсуздардын саны (адамдар); X4 – калктын жакыр катмарынын (адамдардын) саны; X5 - жаңы түзүлгөн жумушчу орундардын саны (бирдик).

2.1-таблица – 2011-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынан эмиграцияга чыгып кетүү агымына таасир этүүчү корреляциялык факторлордун матрицасы

| | У | Х1 | Х2 | Х3 | Х4 | Х5 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| У | 1 | | | | | |
| Х1 | -0,67179 | 1 | | | | |
| Х2 | -0,62251 | 0,983194 | 1 | | | |
| Х3 | -0,16536 | 0,634225 | 0,746547 | 1 | | |
| Х4 | 0,472574 | -0,91394 | -0,88193 | -0,54386 | 1 | |
| Х5 | 0,295471 | -0,73263 | -0,80479 | -0,80903 | 0,573289 | 1 |

Талдоо көрсөткөндөй, Х1 фактору - калктын жан башына ички дүң продуктусу -0,67179 корреляциялык коэффициенти менен Кыргыз Республикасынан эмиграцияга кетүүгө көбүрөөк таасир этээри аныкталган (2.1-таблицадагы маалыматтар). Жүргүзүлгөн эсептөөлөрдүн натыйжасында $\hat{Y}x$ = 51820,65 - 503,74 Х1 түрүндөгү регрессия теңдемеси пайда болду. Кыргыз Республикасында жан башына ички дүң продукциянын 1 миң сомго көбөйүшү менен Кыргыз Республикасынан эмиграция 503,74 адамга азаят. Ошентип, калктын миграциясы Кыргыз Республикасынын демографиялык коопсуздугуна түздөн-түз таасирин тийгизет, анткени ал калктын жаш курактык жана гендердик түзүмүн жана, албетте, алардын репродуктивдүү жүрүм-турумун өзгөртө алат.

**“Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясын башкаруунун концептуалдык негиздери”** деп аталган үчүнчү бапта жалпы калктын миграциясына, анын ичинде гендердик миграцияга, ошондой эле Кыргыз Республикасынан миграциянын өсүшүнө/чыгуу агымына болжолдоо берилген. 2030-жылга чейинки мезгилге мамлекеттин миграциялык саясаты жана аны жөнгө салуу ыкмалары иштелип чыккан.

2030-жылга чейинки мезгилге эркектердин санынын болжолдуу маанилери 3.1-таблицада келтирилген, ага ылайык 2030-жылы эркектердин саны 3 840 515 адамды түзөт бул 2021-жылдагы 3 294 134 адамга салыштырмалуу 16,6% га көп.

3.1-таблицада келтирилген маалыматтарга ылайык 2030-жылга чейинки мезгилге аялдардын санынын болжолдуу маанилери 3 899 766 адамды түзөт бул 2021-жылдагы 3 342 669 адамга салыштырмалуу 16,6% га көп.

Ошентип, болжолдонгон эсептөөлөргө ылайык, 2030-жылы Кыргызстандын калкынын саны 7 740 281 адамды түзөт, бул 2012-жылдагы 6 636 803 адамга салыштырмалуу 16,6% га көп.

Бирок, демографиялык процесс катары эмгек миграциясы келечекте Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана демографиялык өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн: биринчиден, квалификациялуу кадрлардын, жумушчулардын, адистердин сыртка кетиши эмгек ресурстарынын жетишсиздигин шарттайт; экинчиден, мигранттардын феминизациясы ажырашуулардын деңгээлин, толук эмес үй-бүлөлөрдүн санын көбөйтөт, бул, албетте, төрөлүүнүн азайышына, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн ордуна орто жана кичинекей балалуу үй-бүлөлөрдүн болушуна шарт түзөт жана жакынкы келечекте калктын жөнөкөй көбөйүшүнө алып келет, ал эми Кыргыз

Республикасы сыяктуу кичинекей мамлекет үчүн бул өлкөнүн улуттук коопсуздугуна түздөн-түз таасир этүүчү демографиялык коркунуч болуп саналат.

3.1-таблица – 2030-жылга чейинки мезгилге Кыргызстандын калкынын болжолу, адам

| Жылдар | **Эркектер** | **Аялдар** | **Жалпы калк** |
|---|---|---|---|
| 2021 | 3 294 134 | 3 342 669 | 6 636 803 |
| 2022 | 3 357 251 | 3 406 310 | 6 763 561 |
| 2023 | 3 417 659 | 3 467 992 | 6 885 651 |
| 2024 | 3 478 067 | 3 529 674 | 7 007 741 |
| 2025 | 3 538 475 | 3 591 356 | 7 129 831 |
| 2026 | 3 598 883 | 3 653 038 | 7 251 921 |
| 2027 | 3 659 291 | 3 714 720 | 7 374 011 |
| 2028 | 3 719 699 | 3 776 402 | 7 496 101 |
| 2029 | 3 780 107 | 3 838 084 | 7 618 191 |
| 2030 | 3 840 515 | 3 899 766 | 7 740 281 |

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс]: http://www.stat.kg/ - Туруктуу калктын жынысы жана жаш курагы боюнча саны. Кирүү режими: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/41/ . - экрандан

2030-жылы миграциянын агымы -1498 адамды түзөт, бул 2020-жылдагы -4861 адамга салыштырмалуу 3,2 эсеге аз (3.1-сүрөт).




3.1-сүрөт. 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргызстандан миграциялык кирүүнүн/чыгуунун болжолу

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү [Электрондук ресурс]: http://www.stat.kg/ - Туруктуу калктын жынысы жана жаш курагы боюнча саны. Кирүү режими: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/41/ . - экрандан

Бул жагдай калктын миграциясы чөйрөсүндө ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоону, ошондой эле калкты иш менен камсыз кылууну кеңейтүү боюнча натыйжалуу иш-чараларды кабыл алууну, чет өлкөлүк инвестицияларды пайдаланууда коррупцияны жоюу үчүн мамлекеттик көзөмөлдү күчөтүүнү жана буга байланыштуу иштердин аткарылышын талап кылат.

## ТЫЯНАКТАР

Миграция пайда болгон жана реципиент өлкөлөрдө өнүгүүнү тездетүүнүн маанилүү каражаты катары таанылат жана саясатчылар иммиграция саясатын улуттук жана глобалдык деңгээлде экономикалык жана социалдык өнүгүүгө көмөк көрсөтүү максатында колдонууга көбүрөөк умтулуп жатышат.

Кыргызстан үчүн калктын миграциясы экономиканы өнүктүрүүдө чечүүчү мааниге ээ болгон татаал процесс.

Экономисттердин бир катар аныктамаларын салыштыруунун негизинде миграцияны калктын ар кандай себептерден улам кыска мөөнөткө же туруктуу жашоо үчүн бир аймактан экинчисине жайгашуу кыймылы катары чечмелесе болот. Же миграция – бул социалдык-экономикалык жана демографиялык тобокелдиктерди пайда кылган көп кырдуу жана татаал коомдук процесс, ал натыйжада өлкөнүн улуттук коопсуздугуна таасирин тийгизет.

Кыргызстандын калкынын миграциясынын социалдык-демографиялык факторлорун изилдөөгө багытталган диссертациялык изилдөө төмөнкүдөй тыянак чыгарууга мүмкүндүк берди:

1. Калктын миграциясынын изилденген теориялык, методологиялык жана ченемдик укуктук аспектилеринин негизинде республиканын демографиялык коопсуздугун камсыз кылуу жана келечек муундардын потенциалын чыңдоо үчүн гендердик саясатты эске алуу менен миграциялык саясаттын бардык негизги багыттары боюнча ченемдик укуктук актыларды шайкеш келтирүү зарылдыгы аныкталды.

2. Айрым чет өлкөлөрдүн миграциясына жана аларды жөнгө салуу практикасына салыштырма талдоо миграция чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташтыктын оң жагын көрсөттү, бул миграцияны оптималдаштыруунун негизги ыкмаларынын бири болуп саналат.

3. 2011-2020-жылдарга карата республикадан тышкары чыккан эмиграцияга айрым социалдык-экономикалык факторлордун тийгизген таасиринин деңгээлин аныктоо максатында көп варианттуу корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүлдү, республикадагы эмиграциянын калктын жан башына ички дүң продукциясынан көз карандылыгы регрессиялык теңдеме аркылуу эсептелип чыкты, ал $\hat{Y}x = 51820,65 - 503,74\ X1$ формасында, б.а. жан башына ички дүң продукциянын көбөйүшү менен башка өлкөлөргө Кыргыз Республикасынан эмиграция азаят.

4. Социалдык-экономикалык коопсуздуктун стрессору болгон миграциялык кырдаалдын позитивдүү жагы катары мигранттардын кирешелерин Кыргыз Республикасына которуу аркылуу калктын акчалай кирешесинин көбөйүшүн эсептөөгө болот, бул калктын жакырчылык деңгээлин төмөндөтөт, үй чарбачылыгынын колдо болгон кирешесин көбөйтөт, калктын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн жана керектөөнүн өсүшүнө дем берет жана натыйжада өлкөнүн социалдык-экономикалык өсүшүн тездетет.

5. Калктын миграциясы калктын этникалык жана социалдык түзүмүнүн өзгөрүшүнө алып келери аныкталды.

6. 2030-жылга чейинки мезгилге калктын миграциясынын болжолу эсептелди. Миграциянын көйгөйлөрүнүн бири катары тышкы эмгек мигранттарынын феминизациясын белгилөөгө болот, бул төрөттүн ж.б. төмөндөшүнө таасирин тийгизет жана Кыргыз Республикасынын социалдык-демографиялык коопсуздугунун, натыйжадада экономикалык жана улуттук коопсуздуктун тобокелдиктерин күчөтөт. Ошентип, калктын миграциясы Кыргыз Республикасынын демографиялык коопсуздугуна түздөн-түз таасирин тийгизет, анткени ал калктын жыныстык жана жаш курактык түзүмүн өзгөртүүгө жөндөмдүү, алардын репродуктивдүү жүрүм-турумуна таасирин тийгизет.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Миграция процесстерин оптималдаштыруу үчүн биз төмөнкүлөрдү сунуштайбыз:

1. Оптималдуу миграциялык саясатты иштеп чыгуу максатында мигранттар жөнүндө маалыматтарды эсепке алуу жана талдоо тутумун түзүү;
2. Эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо жана укуктук аң-сезимин жогорулатуу, тилдик даярдык жана маданий адаптациялоо боюнча маалыматтык-укуктук жана ресурстук борборлордун ар кандай түрлөрүн колдонуу менен эмгек мигранттарын кетер алдында окутуу тутумун түзүү;
3. Иш менен камсыздаган өлкөлөрдүн эмгек рыногунун керектөөлөрүн жана гендердик факторду эске алып жеке сектордун, иш берүүчүлөрдүн жана билим берүү мекемелеринин катышуусунда кесиптик даярдоо жана кайра даярдоо тутумун түзүү;
4. Эмгек мигранттарын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн медициналык камсыздандыруунун ийкемдүү тутумун түзүү, анын ичинде жарандарды ыктыярдуу камсыздандыруу, миграциядан кайтып келгенден кийин төлөмдөрдү төлөө мүмкүнчүлүгү ж.б.у.с. түрлөрүн колдонуу;
5. Кайтып келген мигранттарды социалдык жана кесиптик реинтеграциялоо, эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө катышуусун жогорулатуу боюнча программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
6. Эмгек мигранттарын экономикага инвестор катары тартуу максатында мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү;
7. Ишке орноштуруу боюнча жеке агенттиктердин ишин координациялоо, аларга мамлекет тарабынан методикалык, маалыматтык, укуктук колдоо көрсөтүү;
8. Келген өлкөдө жарандардын жайгашуу кыймылы, ишке орношуусу жана алардын укуктарын коргоо жагынан ортомчулар тарабынан мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;
9. Бейөкмөт уюмдар, эмгек мигранттарынын ассоциациялары, кесиптик бирикмелер менен биргеликте чет өлкөдөгү эмгек мигранттарын колдоо үчүн инфраструктураны түзүү;

10. Эмгек мигранттарын ишке орноштуруу көйгөйлөрүн, үй-бүлөлүк көйгөйлөрүн чечүү жана укуктарын сактоо үчүн диаспоралардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачык өз ара аракеттенүүсүн колдонуу;

11. Эмгек мигранттарынын өз өлкөлөрүндө алган көндүмдөрүн эмгек мигранттары барган өлкөлөрдө сертификациялоо тутумун киргизүү маселелерин мигранттарды кабыл алуучу өлкөлөр менен макулдашуу;

12. Кыргыз Республикасынын эмгек мигранттарынын эмиграция процессинде эмигранттарды келген өлкөлөрдөгү мыйзамдуу укуктары жана милдеттери менен тааныштыруу жолу аркылуу алардын реципиент-өлкөлөрдө ыңгайланышууда коопсуздугун камсыз кылуу.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. **Джакыпова, М. А.** Кыргызстандын калкынын миграциясы [Текст] / М. А. Джакыпова, А. А. Саякбаева // Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бухгалтерлеринин жана аудиторлорунун Ысык-Көл форумунун Кабарлары. - 2018. - № 4-2 (23). - 75-84-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=36716336

2. **Джакыпова, М. А.** Кыргызстандын камсыздандыруу рыногун өнүктүрүүнүн артыкчылыктары [Текст] / М. А. Джакыпова, А. А. Саякбаева // Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бухгалтерлеринин жана аудиторлорунун Ысык-Көл форумунун Кабарлары. - 2018. - № 4-2 (23). - 75-84-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=41385676

3. **Джакыпова, М. А.** Кыргызстандын калкынын миграциясы: демо-этникалык өзгөчөлүк жана натыйжалары [Текст] / А. А. Саякбаева, М. А. Джакыпова // Заманбап Казакстандын экономикасы: көйгөйлөрү жана өнүгүү келечеги. – Астана, 2019. - № 10-4 (56). - 42-46-б. https://kaztbu.edu.kz/storage/app/media/pdf/programma.pdf

4. **Джакыпова, М. А.** Кыргызстандын камсыздандыруу рыногун өнүктүрүүнүн артыкчылыктары [Текст] / М. А. Джакыпова, А. А. Саякбаева // Евразия илимий бирикмеси. – М., 2019. - № 10-4 (56). - 331-334-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=41385676

5. **Джакыпова, М. А.** Кыргызстандын камсыздандыруу рыногун өнүктүрүү [Текст] / А. А. Саякбаева, М. А. Джакыпова // Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бухгалтерлеринин жана аудиторлорунун Ысык-Көл форумунун Кабарлары. - 2019. - № 4 (27). - 102-108-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=42421974

6. **Джакыпова, М. А.** Өлкөлөр аралык эмгек миграциясы [Текст] / М. А. Джакыпова // Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бухгалтерлеринин жана аудиторлорунун Ысык-Көл форумунун Кабарлары. - 2020. - № 2 (29). - 89-96-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=46179691

7. **Джакыпова, М. А.** Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жана акча-насыя саясатынын айрым аспектилери [Текст] / М. А. Джакыпова // Кыргызстандын ЖОЖдорунун Кабарлары. - 2020. - № 6. - 152-157-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=46301623

8. **Джакыпова, М. А.** Жакырчылык жана калктын миграциясы экономикалык коопсуздукка коркунуч катары [Текст] / А. А. Саякбаева, М. А. Джакыпова //Заманбап илимдин актуалдуу маселелери. - 2021. - № 5 (27). - 574-582-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=46126752

9. **Джакыпова, М. А.** Калктын миграциясы: тобокелдиктери жана оң жактары [Текст] / М. А. Джакыпова // Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бухгалтерлеринин жана аудиторлорунун Ысык-Көл форумунун Кабарлары. - 2021. - № 2 (33). - 91-99-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47283280

10. **Джакыпова, М. А.** Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуунун айрым аспектилери [Текст] / М. А. Джакыпова // Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бухгалтерлеринин жана аудиторлорунун Ысык-Көл форумунун Кабарлары. -2021. - № 2 (33). - 319-325-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47283323

11. **Джакыпова, М. А.** Кыргыз Республикасынын калкынын өнүгүүсү: калк, миграция жана анын этностор аралык аспектиси [Текст] / М. А. Джакыпова // Евразия илимий бирикмеси.- М., 2021. -№ 6-4 (76). - 282-287-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=46338979

12. **Джакыпова, М. А.** Миграция социалдык-демографиялык жана улуттук коопсуздуктун стресси катары // Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бухгалтерлеринин жана аудиторлорунун Ысык-Көл форумунун Кабарлары -. 2021. - № 3 (34).

**Джакыпова Мээрим Алмазбековнанын 08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу (калк жана демография) адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясынын социалдык-демографиялык аспектилери» деген темадагы диссертациясынын РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** калктын миграциясы, эмгек миграциясы, мигрант, миграциялык процесстер, тышкы миграция, облустар аралык миграция, облустун ичиндеги миграция, калктын этникалык, гендердик жана жашкурактык миграциясы, калктын миграциясынын социалдык-демографиялык аспектилери, миграцияны мамлекеттик жөнгө салуу, мамлекеттин миграция саясаты, корреляциялык-регрессиялык талдоо, калкты болжолдоо.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргыз Республикасындагы калктын миграциясынын процесстери жана механизмдери саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети** болуп Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясынын социалдык-демографиялык аспектилери саналат.

**Диссертациянын максаты** - калктын миграциясын башкаруунун концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу үчүн Кыргыз Республикасындагы калктын миграциясынын социалдык-демографиялык аспектилерин изилдөө.

**Изилдөө методдору:** жалпы илимий статистикалык изилдөө методдору: абстракттуу-логикалык, салыштырма, структуралык-функционалдык ыкмалар, графикалык методдор, корреляциялык-регрессиялык метод, статистикалык болжолдоо методдору, экономикалык жана статистикалык талдоо методдору жана топтоштуруу методдору, SPSS программалык камсыздоону колдонуу менен корреляциялык талдоо, болжолдоо.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы:** Диссертациялык иштин автору тарабынан берилген корутундулар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясын баалоо жана талдоо үчүн, анын ичинде калктын тышкы, ички, аймактар аралык миграциясынын этникалык, жаш курактык-гендердик курамына баа берүү үчүн пайдаланылат.

***Колдонуу даражасы:*** изилдөөнүн натыйжалары Ж.Баласагын атындагы КУУда жана КРнын Президентине караштуу МБАда сыноодон өткөрүлдү. Калктын миграциясын оптималдаштырууга багытталган практикалык сунуштар Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык өнүгүү жана миграция министрлигинин ишмердүүлүгүндө чагылдырылган.

**Колдонуу чөйрөсү:** изилдөөлөрдүн натыйжалары Кыргыз Республикасындагы калктын миграциясын жөнгө салуу менен алектенген министрликтердин жана ведомстволордун ишинде колдонулушу мүмкүн. Диссертациянын негизги жоболору Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда окутуучулар, аспиранттар жана студенттер тарабынан да колдонууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Джакыповой Мээрим Алмазбековны на тему «Социально-демографические аспекты миграции населения Кыргызской Республики» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 - экономика и управление народным хозяйством (народонаселения и демография)**


**Ключевые слова:** миграция населения, трудовая миграция, мигрант, миграционные процессы, внешняя миграция, межобластная миграция, внутриобластная миграция, этническая и половозрастная миграции, социально-демографические аспекты миграции, государственное регулирование миграции, миграционная политика государства, корреляционно-регрессионный анализ, прогноз населения.

**Объектом диссертационного исследования** выступают процессы и механизмы миграции населения в Кыргызской Республике.

**Предметом диссертационного исследования** являются социально-демографические аспекты миграции населения Кыргызской Республики.

**Целью диссертационной работы** является исследование социально-демографических аспектов миграции населения Кыргызской Республики для разработки концептуальных основ управления миграцией населения.

**Методы исследования:** общенаучные статистические методы исследования, в частности абстрактно-логический, сравнительный, структурно-функциональный подходы, графические методы, корреляционно-регрессионный метод, методы статистического прогнозирования, методы группировки и методы экономико-статистического анализа, корреляционный анализ с использованием программного обеспечения SPSS, прогнозирование.

**Полученные результаты и их новизна**: Выводы и рекомендации, предложенные автором диссертационной работы, использованы для оценки и анализа миграции населения КР, в том числе для оценки этнической и половозрастной структуры миграции, по внешней, внутренней и межтерриториальной миграции населения.

**Степень использования:** результаты исследования апробированы в КНУ им.Ж.Баласагына и АГУПКР. Практические рекомендации, направленные на оптимизацию миграции населения, нашли отражение в деятельности в министерстве труда, социального развития и миграции КР.

**Область применения:** результаты исследования могут использоваться в работе министерств, ведомств, занимающихся вопросами регулирования миграции населения в КР. Основные положения диссертации также могут быть использованы в вузах КР преподавателями, аспирантами и студентами.

## SUMMARY

**Dzhakypova Meerim Almazbekovna's dissertation on the topic "Social and demographic aspects of migration of the population of the Kyrgyz Republic" for the degree of candidate of economic sciences in specialty 08.00.05 - economics and national economy management (population and demography)**

**Key words:** population migration, labor migration of the population, migrant, migration processes, external migration, interregional migration, intraregional migration, ethnic and gender and age migration of the population, socio-demographic aspects of population migration, state regulation of migration, migration policy of the state.

**The object of the dissertation research** is the processes and mechanisms of population migration in the Kyrgyz Republic.

**The subject of the dissertation research** is the socio-demographic aspects of migration of the population of the Kyrgyz Republic.

**The purpose and objectives of the study**. The purpose of the thesis is to study the socio-demographic aspects of population migration in the Kyrgyz Republic to develop conceptual frameworks for managing population migration.

**Research methods:** general scientific statistical research methods: abstract-logical, comparative, structural-functional approaches, graphic methods, correlation-regression method, statistical forecasting methods, grouping methods and methods of economic and statistical analysis, correlation analysis using SPSS software, forecasting.

**The results obtained and their novelty:**

The conclusions and recommendations proposed by the author of the dissertation work are used to assess and analyze the coverage of the population of the Kyrgyz Republic, including for assessing the ethnic, age and gender of the external, internal, and interterritorial migration.

**Degree of use:** The results of the study were tested at the KNU named after Zh.Balasagyn and the APAPKR. Practical recommendations aimed at optimizing population migration were reflected in the activities of the Ministry of Labor, Social Development and Migration of the Kyrgyz Republic.

**Scope:** the research results can be used in the work of ministries and departments dealing with the regulation of population migration in the Kyrgyz Republic. The main provisions of the dissertation can also be used in universities of the Kyrgyz Republic by teachers, graduate students and students.

Формат 60х84 1/16
Бумага офсетная. Гарнитура «Times». Объем 1,5 п.л.
Печать офсетная. Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии «Аракет-принт»